**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

17-декабрь 2024-ж. №01-25/342 Бишкек ш.

# Аксакалдар сотторунун Типтүү регламентин бекитүү жөнүндө

"Аксакалдар соттору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 3-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтомунун 1-тиркемесинин 21-пунктунун 4-пунктчасына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жобонун 12-пунктуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Аксакалдар сотторунун Типтүү регламенти тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына эки айлык мөөнөттө ушул Типтүү регламенттин негизинде тиешелүү шаарлардагы, айыл аймактарындагы аксакалдар сотторунун регламентин иштеп чыгып, жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актысы менен бекитүү сунушталсын.
3. Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялары аксакалдар сотторунун Типтүү регламентин сайттарына жайгаштырууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан тиешелүү аймактардын аксакалдар сотторунун регламентин ушул буйруктун 2-пунктунда сунушталган тартипте иштеп чыгууга, кабыл алууга көмөктөшсүн.
4. Агенттиктин аймактар аралык башкармалыктары тиешелүү аймактардарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан Аксакалдар сотторунун Типтүү регламентинин негизинде аксакалдар

сотторунун регламенттери иштелип чыгып кабыл алынуусуна көмөк көрсөтсүн.

5. Агенттиктин жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын координациялоо жана колдоо көрсөтүү бөлүмү:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан Аксакалдар сотторунун Типтүү регламентинин негизинде шаарлардын жана айыл аймактарынын аксакалдар сотторунун регламенттерин иштеп чыгып, кабыл алынуусу жана аксакалдар соттору иш (материалдарды) кароону регламентте каралган жол-жоболорго ылайык жүргүзүүсүнө мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүп турсун;

– ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана Бишкек жана Ош шаарларынын жергиликтүү кеңештери менен мэрияларына жиберсин.

6. Бул буйрукту Агенттиктин аппаратынын ишин уюштуруучулук камсыздоо башкармалыгынын финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү Агенттиктин расмий сайтына жайгаштырсын, "ММКызмат" гезитинин редакциясы гезитке жарыяласын.

7. Агенттиктин укуктук камсыздоо бөлүмү төмөнкүлөрдү уюштурсун:

– буйрук Агенттиктин сайтына жайгаштырылган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде эки нускадагы көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түрдө, аны жарыялоонун булактары жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберүүнү;

– бул буйруктун көчүрмөсү Агенттиктин расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жиберүүнү.

8. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Агенттиктин директорунун орун басары Э.Н. Иргебаевге жүктөлсүн.

9. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 14-июлундагы № 01-78/88 буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

10. Бул буйрук Агенттиктин расмий сайтына жайгаштырылган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Директор** **К.Б. Базарбаев**